КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ
ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН
ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз IV отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 24**

Согонду айылы 2024-жылдын 28-майы

**2024-жылга карата айыл аймагындагы кайра бөлүштүрүү фондусунун ижарага берилип, бирок ушул жылы мөөнөтү бүткөн жерлерди аукционго коюу жана 1 га жерге болгон ижара акысын бекитип берүү жөнүндө**

2024-жылга карата Жибек-Жолу айыл өкмөтүнө караштуу кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин ижарага берүү үчүн аукциондун алгачкы баасын коюп берүү боюнча айыл өкмөтүнүн жер ресурстары, агрардык айыл-чарба жана өсүмдүк өстүрүү-көрктөндүрүү боюнча башкы адиси Д. Түгөлбаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 111-беренесинин 1-пунктуна ылайык жана 2022-жылдын 18-январындагы №230 Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 401, 412 беренелерине ылайык Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл чарба жерлерин пайдалангандыгы үчүн жер салыгынын баардык ставкалары төмөндөгү өлчөмдөгү бекитилсин:

Сугат айдоо жер үчүн -250сом/кв.м;
Кайракы айдоо жер үчүн -62,3 сом/кв.м;
Көп жылдык өсүмдүктөр (бак)-234 сом/ кв,м;
Чөп чабындылар үчүн-27,7 сом/кв,м.

2. 2024-жылга карата айыл аймагындагы кайра бөлүштүрүү фондунун ижарага берилип бирок ушул жылда мөөнөтү бүткөн жерлер аукционго келишимдин негизинде берилсин;

3. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнө караштуу кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин ижарага берүү үчүн баасы төмөндөгүдөй өлчөмдө белгиленсин;

1.Сугат айдоо жер үчүн 0,5га - 2100сом;
2.Кайракы айдоо жер үчүн 1 га -1150сом;
3.Көп жылдык өсүмдүктөр (бак) -2100сом;
4.Чөп чабынды жер үчүн -500сом.

4. Жер салыгы жана жана камсыздандыруу мүчөлүк акылары аукциондон утуп алгандан кийинки келишимдин негизинде көрсөтүлгөн сумманын эсебинен түзүлсүн;

5. Токтомдун аткарлышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңештин Бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Орозали уулу Таалайбек**